Ата эне, коом, айыл өкмөт, билим берүү бөлүмдөрү, мамлекеттик администрация ж.б. менен мектеп бирдикте балдарга мектеп ичине ыңгайлуу микроклимат түзүү механизми иштелип чыккан. Ар тараптуу, ар тармактагы кызматтык иштерди алып баруу мектептин максаты. Билим берүү системасында окуучулардын келечеги, мамлекеттин келечеги үчүн иш алып баруу негизги милдет. Мектеп төмөнкү тараптар менен иш алып барып келет:

1. Билим берүү башкармалыгы менен кызматташтык.
2. Өкмөттүк эмес уюмдар, долбоорлор.
3. Жергиликтүү бийлик, айылдык кеңеш, мамлекеттик администрация
4. Камкордук кеңеш, ата-энелер комитети
5. Ички иштер бөлүмү, жол тескөөчүлөр, аскер комиссариаттары менен кызматташтык.
6. Дарыгерлер борбору
7. Жаштар уюму, Кайрымдуулук уюмдар
8. музыкалык мектеп, ж.б.
9. Окуу жайлар
10. Инфраструктураны өнүктүрүү үчүн бардык демөөрчү боло турган тараптар менен, жеке ишкерлер, долбоорлор менен иш алып барып келет.

**1. Билим берүү башкармалыгы менен кызматташтык.**

Билим берүү башкармалыгы тарабынан берилген тапшырмалар, иш-чаралар аткарууга алынып, уюшулган семинар-тренингдерге мугалимдер толук катышышат.

Билим берүү башкармалыгы мектептин методикалык иштери, окуучулардын билим базасы, материалдык базанын чыңдалышына салым кошот. Ар тараптуу семинар, тренинг, сынак ж.б. уюштурат жана мугалимдердин эмгегин баалоо механизми туура жолго салынган. Жылдын жыйынтыгы менен педагогикалык кеңешке сунушталып, чечим чыккан мугалим окуучуларды сыйлоо иштери ишке ашып келет. "Жылдын мыкты мугалими", "Жылдын мыкты окуучусу", "Мыкты мектеп", "Мыкты ремонттон өткөрүлгөн мектеп" сыяктуу иш-чаралар байма-бай өткөрүлүп келет. Мектептин жамаатынын кезектеги ремонт иштери боюнча эмгектери Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бааланып, 2021-2022-окуу жылында район боюнча 1-орунду камсыз кылды .

**2. Өкмөттүк эмес уюмдар, долбоорлор.**

Мисалга алсак, USAID"Окуу керемет» долбоорунун алкагында башталгыч класстардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча башталгыч класстардын 5 мугалими окуп бүтүшкөн. Окуу онлайн 2020-жылдын февраль айынан башталды. Мектептин китепканасына долбоор аркылуу окуучулар жана мугалимдер үчүн керектүү окуу китептери келди. Баштапкы онлайн окуу башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу, өнүктүрүү боюнча окутулуп жатат.Окуу 5 модулдан окуу көндүмдөрү боюнча окутулат. Ал эми август айында 4 жана 5-модулду жазуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча окутулат.2021-2022-окуу жылында Математикалык көндүмдөрү боюнча окутулат. Азыркы учурда 3-модулдун 4-бөлүмүн окуп жатышат. Ар бир модул 5 бөлүмдөн турат. Алдыда дагы 2 модул бар.Жуманын ишемби күндөрү мугалимдер онлайн конференцияга катышып окушат жана модулдарды тапшырышат. Мугалимдер ачык сабактарды өтүшөт.Ал ачык сабактарга тренерлер келип катышып,окуу процессинде стратегиялардын колдонулушу жана окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн калыптанышы боюнча мониторинг жүргүзүшөт. Долбоордун соңунда толук окуган мугалимдерге Сертификаттар берилген.

**3. Жергиликтүү бийлик, айылдык кеңеш, мамлекеттик администрация менен кызматташуу**

Жергиликтүү бийлик мектептин камсыздандырылышын, имараттык оңдоп түзөө иштерине мүмкүнчүлүгүнө жараша салым кошот: мектептин

электр энергиясын, суу, мусор ж.б. иштери менен камсыз кылат. Айрым кезектеги талап кылынган ремонт иштерине мүмкүнчүлүгүнө жараша камсыз кылат. Мектепти жыл сайын камсыздандырат.

| **Окуу жылы** | **Берилген сумма** | **Эмнеге жумшалган** |
|---|---|---|
| 2019\2020-окуу жылы | 578611 сом<br><br>9200 сом<br>7200 сом | Электр энергиясына кеткен чыгым<br>Ремонтко<br>Прочий |
| 2020\2021-окуу жылы | 588731 сом<br>38500 сом<br>9200 сом<br>7200 сом | Электр энергиясына<br>Мектептин ремонтуна<br>Ремонтко<br>Прочий |
| 2021\2022-окуу жылы | 523300сом<br>38500 сом<br>11200 сом<br>3100 сом | Электр энергиявына<br>Мектептин ремонтуна<br>Ремонт<br>Прочий |
| 2022- окуу жылы | 81000 сом<br>30000 сом<br>10 200 сом<br>5700 сом | Музыкалык аппарат үчүн<br>Кафель үчүн<br>Ремонт<br>Прочий |

4. **Камкордук кеңеш, ата-энелер комитети**

Жылына план боюнча ата-энелер чогулушу 4 жолу өткөрүлөт. Мындан сырткары кезексиз чогулуштар да өткөрүлүп калат. Ата-энелер комитети-камкордук кеңеш 5 жылга бекитилип, иш алып барат. Мамлекет тарабынан каралган ысык тамак боюнча кошумча эт менен камсыз кылып, иш алып баруу камкордук кеңешке берилген.

Ата-энелер менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп ар бир балага айына 100 сомдон чогултулуп турат. 46 окуучу 19 /27 тамак ичишет. Ай сайын чогулган акчадан балдардын тамагына кошулуучу этти жана ашкана кызматкерлердин идиш жуучу шаймандарын, ашканага керектүү каражаттарды жана кол жуучу суюк самынын алып берип камсыздап турат. Ашканага келген азык түлүктөрдүн сертификаттары бар.

Мерсико уюму тарабынан мектептеги ашкана каптиалдык ремонттон өткөрүлүп,ичине ысык жана муздак суу киргизилген. Ошондой эле атайын ашкана заманбап буюм- тайымдары менен толук жабдылган .

Анан дагы Мерсико уюму тарабынан кошумча ысык тамак үчүн продуктулар берилип келген.2022-жылдын май айында келишим бүткөндүгүнө байланыштуу мамлекет тарабынан продуктулар берилип келет.

Мектеп жамааты жана ата-энелер мектептин негизги каражат булагы. Мектептен кандай гана көйгөй болбосун, чогулуштарда кайрылуулардын негизинде ата-энелер тарабынан түшүнүү менен колдоолорго алынып ишке ашырылат. Мектептин матералдык техникалык базасын чыңдоодо

мугалимдер жамаатынын жана тех кызматкерлеринин , ата –энелердин салымы зор.

**5. Ички иштер бөлүмү, жол тескөөчүлөр, аскер комиссариаттары менен кызматташтык.**

Каралаган тарбиялык иштерди өнүктүрүү боюнча, тарбияга оорчулук келтирген окуучулар менен иштер жүргүзүлүп келет. Мектепте окуучулардын соцпаспорту аныкталып, жетим балдар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар, үй- бүлөөлүк шарты оор окуучулар менен жекече иштер алынып барылат. Айыл өкмөтүнүн соц кызматкери, ИДНдин кызматкери менен биргеликте ИДН дин каттоосундагы балдардын,социалдык абалы оор, тышкы жана ички мигранттардын, камкордука алынган окуучулардын үйлөрүн кыдыруу иштери жүргүзүлүп, актылар түзүлүп турат.

Ата- энелери ички сырткы миграцияда жүргөн окуучулар менен иш- алып барууда үй шартына байкоо жүргүзүү, сабактарга жетишүүсүн байкоо жүргүзүү, сабактарга жетишүүсүн көзөмөлдөө, аңгемелешүү менен контролдоо иштерин жүргүзүп турушат.

Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, зордук зомбулукту жана суициди алдын алуу максатында ата-энелер менен бирдикте чогулуштар өткөрүлүп турат. Атайын түзүлгөн комиссия,ата-энелер комитети, ИДНдин инспектору жана мектеп администрациясы менен биргеликте кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ай сайын отурумдар өткөрүлүп турат.

ИДН дин каттоосундагы окуучулар

| № | 2019-2020-окуу жылы | 2020-2021-окуу жылы | 2021-2022-окуу жылы |
|---|---|---|---|
| 1 | - | - | - |

Укук бузууларды, зордук-зомбулук боюнча мектепте Алдын алуу кеңеши иштейт. Алдын алуу кеңешинин иш планы ата-энелер чогулушунун чечими менен «2022-2023 - окуу жылына республиканын билим берүү уюмдарынын окуучулардын жана жаштардын арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча ведомстволор арасында биргелешкен иш чаралар жөнүндө» буйругун аткаруу максатында Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин окуучуларынын арасындагы укук бузууларды жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча 2022– 2023 - окуу жылына карата бирдиктүү иш-чаралардын негизинде түзүлгөн мектептин алдын алуу кеңешинин иш планы бекитилген.

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин профилактикалык кеңешинин жобосу баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын, «Кыргыз Республикасында укук **бузууга** каршы профилактикалык **иштерди жүргүзүү »** жөнүндөгү №82 25 – июнь 2005 – ж . КР Мыйзамынын негизинде түзүлөт.

Милиция кызматкерлери өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу жана талап тоноо, топтошуп мушташуу , арыздашуу сыяктуу көмүскөдөгү терс көрүнүштөрдү ачыкка чыгаруу кесепеттери менен күрөшүүдө мааниси чоң. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алууда түздөн- түз өспүрүмдөр менен иш алып баруу инспектору С.Кадыров иштейт.

Мектеп ичинде замандын талабына ылайык «Коопсуз мектеп», «Зордук зомбулуксуз мектеп», «Балдардын укугун коргоо», « Кылмыштуулукту алдын алуу», «Рекетчилик» , «Балдар кеңеши», «Кыздар кеңеши», «Кыздар менен иш алып баруу», «Балдар менен иш алып баруу» план программалары милиция кызматкерлери менен бирдикте иш - чаралар алынып барылат.Азыркы учурда жаштардын тарбиясына өзгөчө маани берип, келечекте кылмыш жолуна түшпөй бекем ден-соолукта өсүп, сапаттуу билим алуусуна шарт түзүп берүү жеке гана мектептин милдети эмес жалпы коомчулуктун милдети. Милиция кызматкерлери окуу жылы башталгандан мектептин социалдык паспортун түзүп, окуучулар арасындагы көйгөлүү үй- бүлөдөгү балдарды, тартиби, мүнөзү оор окуучуларды, мигранттардын балдарын, жетим балдарды изилдөө иштерин жүргүзүп, соцпедагогдор менен тыгыз байланышта иш алып барышат. Ай сайын ИДНкызматкерлери менен биргеликте отурумдар өткөрүлүп турат. Ошондой эле лекцияларды, тегерек стол уюштуруп, талкуу иштерин жүргүзүшөт. Мүнөзү оор балдар менен жекече аңгемелешүүлөрдү алып барышат. Майрам күндөрү милиция кызматкерлери менен бирдикте түнкү рейддер уюштурулат.

Мектепте «Жаш инспекторлордун» ЮИД курамы түзүлгөн, курамдын мүчөлөрү жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча түрдүү иш – чараларды, кароо-сынактарды алып барышат..

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинде 2019-2020-окуу жылынын райондук масштабда 11-класстардын окуучулары арасында өткөрүлгөн

аскердик-прикладдык спартакиадасында активдүү катышуучу болушкан. Автоматты ыкчам чечүү боюнча конкурстарга катышып, активдүү катышуучу болушкан. Ошондой эле Ак-Талаа райондук аскер комиссариаты менен биргеликте ачык тарбиялык сааттар эң жакшы деңгээлде өткөрүлгөн.

**6. Дарыгерлер тобу, санэпид менен иш алып баруу**

2019-2020-окуу жылынын февраль айынан тартып өлкөдөгү өзгөчө кырдаалга байланыштуу эпидемиалогиялык абал курчуду, өзгөчө кырдаалга карата мектепте окутуу тарбиялоо иштери онлайн форматында жүргүзүлдү. 2020-жыдын 1- сентябрынан баштап 1-класстын окуучулары салттуу окутууга өттү. Ал эми 7-декабрынан тартып мектеп окуучулары да салттуу окутула баштады. Окутуу мезгилинде билим берүү министрлиги тарабынан билим берүү процесси реалдуу режимде башталган учурда короновирус инфекциясынын жайылышын алдын алуу боюнча санитардык – гигиеналык эпидемияга каршы иш- чараларды сактоо боюнча иш – аракеттердин алгоритми берилди. Мектеп ичинде филтр дептерлер, санитардык бурчтар ар бир класста уюштурулган.Мектепте ар бир келген адам үчүн антисептик менен колду тазалап туруу жагы баардык мугалимдерге милдеттендирилип,температураны өлчөө баардык кызматкерлердин жана окуучулардын дене табы жөнүндө медицина кызматкерлерине маалымдама берилип турдуМектепте дезинфекция иштери жүргүзүлдү. Желдетүү жана тазалоо графиктери боюнча класстык бөлмөлөр убагы менен көзөмөлгө алынды.

Райондун санэпидемологиялык инстанциясы, штабдар менен тыгыз иш алып барылды.

2022-жылдын 14-18-октябрында негизги буйрукка ылайык медосмотр келип окуучулар текшерилди.